Жаштык бул – ЖИГЕР!

# НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

№03 (225) 2024-жыл, апрель    Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# Ош мамлекеттик университети




## ТАРЫХЫ

Ош мамлекеттик университетинин тарыхы 1939-жылдан башталат. Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин 1939-жылдын 10-августундагы №1142 Токтомунун негизинде Ош мугалимдер институту ачылган. 1951-жылы

Ош мамлекеттик педагогикалык институту түзүлүп, 1992-жылы Ош мамлекеттик университети болуп өзгөртүлгөн.

## МИССИЯСЫ

Ош мамлекеттик университетинин миссиясы – мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуучу, жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ болгон, заманбап адистерди даярдоо.

## ӨЗГӨЧӨ МАКАМ

Мамлекет башчысы Садыр Жапаров "Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгына кол койду. Аталган Жарлыктын негизинде өлкөдөгү ири 5 жогорку окуу жайга, анын ичинде Ош мамлекеттик университетине, "Өзгөчө макам" берүү менен, аларды 4-муундагы университетке трансформациялоого өбөлгө түзүү болуп саналат. Жарлыктын негизинде кеңири уюштуруучулук, финансылык жана академиялык эркиндик берилди. Бул милдеттерди ишке ашырууга ОшМУнун интеллектуалдык, илимий-педагогикалык, материалдык-техникалык жана ресурстук потенциалы жетиштүү.

# БИЗ МЕНЕН ДҮЙНӨНҮН ЭШИГИН АЧ!

## ОШМУ УЧУРДА

- 5 мектеп-гимназия
- 6 колледж
- 15 факультет
- 1 жогорку билим берүү мектеби
- 3 институт

- 27 окуу корпусу
- 10 студенттик жатакана
- 18 ачык жана жабык типтеги спорт комплекси
- 1 стартап борбору
- 2 медициналык клиника
- 2 пансионат

- 1 072 окуучу
- 14 582 студент (колледж)
- 49 588 студент
- 13 522 чет өлкөлук студент
- 2 172 магистрант
- 264 аспирант
- 629 ординатор
- 70 докторант (PhD)

- 30 окуу-усулдук, маданий-эстетикалык, ресурстук борборлор, лабораториялар жана концерттик залдар бар

## ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КЛАССТЕРИ

- ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ (БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ БОРБОРУ, МЕКТЕП-ГИМНАЗИЯЛАР)
- ОРТО АТАЙЫН/ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ (КЕСИПТИК ЛИЦЕЙ, КОЛЛЕДЖДЕР)
- ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ (БАКАЛАВРИАТ, МАГИСТРАТУРА, СПЕЦИАЛИТЕТ)
- ЖОЖДОН КИЙИНКИ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ (АСПИРАНТУРА, ОРДИНАТУРА, PHD ДОКТОРАНТУРА)

# Ар бир кесип ардактуу

Ош мамлекеттик университети 2024-2025 окуу жылына төмөнкү багыттар/адистиктер боюнча абитуриенттерди кабыл алууну жарыялайт:

## АРАШАН ГУМАНИТАРДЫК ИНСТИТУТУ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Теология

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

Теология

**Магистратура**

Теология

## ЧЫГЫШ ТААНУУ ИНСТИТУТУ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Чыгыш таануу, африка таануу (Чыгыш тилдери)
Конфликтология
Лингвистика: Котормо жана котормо таануу (корей, араб, фарс, япон тилдери)

**Магистратура**

Чыгыш таануу, африка таануу (Чыгыш тилдери)

## МАТЕМАТИКА, ФИЗИКА, ТЕХНИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Физика-математикалык билим берүү:
– Математика жана информатика;
– Физика.
Математика
Физика
Колдонмо математика жана информатика
- Колдонмо математика жана информатика;
- Big Data аналитик.
Колдонмо информатика:
- Экономикадагы колдонмо информатика;
- Архитектурадагы колдонмо информатика;
- Бизнес процесстерди жана финансыны автоматташтырылган башкаруу.
Информатика жана эсептөө техникасы:
- Эсептөө техникаларын жана автоматташтырылган системаларды программалык жабдуу (ПОВТАС);
- Информацияны иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары (АСОИУ).
Информациялык системалар жана технологиялар:
- Экономикадагы информациялык системалар жана технологиялар;
- Билим берүүдөгү информациялык системалар жана технологиялар.
Маалыматтык коопсуздук
Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия
Информациялык системаларды математикалык камсыздоо жана администрациялоо
Программалык инженерия:
- Веб-технологиялар жана мобилдик системаларды программалык камсыздоо;
- Электромобилдер жана роботтук техникалык системаларды автоматтык башкаруу үчүн программаларды иштеп чыгуу.
Математика жана системалык анализ
Компьютердик лингвистика
Дизайн: графикалык дизайн
Электроэнергетика жана электротехника: Электр менен камсыздоо.
Агроинженерия
Архитектура
Техникалык физика:
-Медициналык физика;
-Криминалистикалык экспертизанын физикалык методдору.
Эмгек жана жалпы техникалык дисциплиналар

**Магистратура**

Физика-математикалык билим берүү
Математика
Физика
Электроэнергетика жана электротехника
Колдонмо математика жана информатика
Информатика жана эсептөө техникасы
Информациялык системалар жана технологиялар
Колдонмо информатика
Билим берүүнүн менеджменти

## ЭЛ АРАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ

### РОССИЯЛЫК ЖАНА ЕВРАЗИЯЛЫК ИНТЕГРАЦИЯ БӨЛҮМҮ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Аймак таануу: Чыгыш Азия
Россия менен кош дипломдуу программа
Башталгыч билим берүү. Англис тили
Россия менен кош дипломдуу программа
Математика жана компьютердик илимдер: Инженердик жана технологиялык долбоорлоодо компьютердик моделдөө
Россия менен кош дипломдуу программа
Эл аралык мамилелердеги санариптик дипломатия.
Россия менен кош дипломдуу программа

**Магистратура**

Аймак таануу: Чыгыш Азиядагы интеграциялык процесстер: коомдук-саясий аспектилери
Россия менен кош дипломдуу программа

### ТҮРК ТИЛДҮҮ МАМЛЕКЕТТЕРДИН ИНТЕГРАЦИЯ БӨЛҮМҮ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Программалык инженерия
Интернет технологиялар жана башкаруу
Экономика: Дүйнөлүк экономика

### ЕВРОПАЛЫК ЖАНА АМЕРИКАЛЫК ИНТЕГРАЦИЯ БӨЛҮМҮ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Европа таануу
Бизнес жана башкаруу: Эл аралык бизнес.
Англис тили кошумча котормо жана котормо таануу профили менен
Англис тили кошумча компьютердик лингвистика профили менен

**Магистратура**

Бизнести башкаруу: Эл аралык бизнес.

## КЫРГЫЗ ФИЛОЛОГИЯСЫ ЖАНА ЖУРНАЛИСТИКА ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Филологиялык билим берүү:
- Кыргыз тили жана адабияты;
- Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлбөгөн билим берүү мекемелериндеги мамлекеттик тил.
Журналистика
Реклама жана коомчулук менен байланыш

**Магистратура**

Филологиялык билим берүү: Кыргыз тили жана адабияты.
Филология
Журналистика

## ОРУС ФИЛОЛОГИЯСЫ ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр
Филологиялык билим берүү:
- Орус тили жана адабияты;
- Орус тили жана адабияты кошумча кыргыз тили;
- Орус тили жана адабияты кошумча өзбек тили;
- Орус тили жана адабияты кошумча англис тили.
Лингвистика: Чет тилдерди жана маданияттарды окутуунун теориясы жана методикасы.

**Магистратура**

Филологиялык билим берүү: Орус тили жана адабияты.
Филология
Лингвистика: Чет тилдерди жана маданияттарды окутуунун теориясы жана методикасы.

## ТАРЫХ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ИШТЕР ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Социалдык-экономикалык билим берүү: Тарых.
Китепкана таануу жана документ жүргүзүү: Башкарууну документациялык камсыздоо.
Социалдык иш

**Магистратура**

Социалдык-экономикалык билим берүү: Тарых.
Социалдык иш

## ТАБИЯТ ТААНУУ, ТУРИЗМ ЖАНА АГРАРДЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Табигый-илимий билим берүү: Биология; Химия; География.
Биология
Биология (профиль: Биология жана лабораториялык иш)
Химия (профили: химиялык-экологиялык, криминалистикалык экспертиза)
Туризм: Эл аралык туризм.
Агрономия (карантиндик өсүмдүктөрдү коргоо)
Ветеринария
Колдонмо геодезия

**Магистратура**

Табигый-илимий билим берүү
Биология
Химия
Туризм

## ДҮЙНӨЛҮК ТИЛДЕР ЖАНА МАДАНИЯТ ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Филологиялык билим берүү:
- Англис тили;
- Немис тили;
- Француз тили;
- Корей тили;
Лингвистика: Котормо жана котормо таануу.

**Магистратура**

Филологиялык билим берүү: Англис тили.
Филология
Лингвистика: Котормо жана котормо таануу.

## ПЕДАГОГИКА ЖАНА ПСИХОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Педагогика:
- Башталгыч билим берүү;
- Мектепке чейинки билим берүү жана логопедия.
Психология

**Магистратура**

Педагогика: Башталгыч билим берүү.
Психология

## ИСКУССТВО ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Көркөм билим берүү:
- Музыкалык искусство;
- Көркөм өнөр искусствосу.
Музыкалык эстрада өнөрү
Дизайн: костюм дизайны; интерьер дизайны
Костюм жана текстиль искусствосу
Актердук өнөр
Режиссура (Кино, ТВ)
Кинооператорлук (Кино, ТВ)

**Магистратура**

Көркөм билим берүү:
- Музыкалык искусство;
- Көркөм өнөр искусствосу.
Костюм жана текстиль искусствосу

## МЕДИЦИНА ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Дарылоо иши
Педиатрия
Медициналык алдын алуу иши
Стоматология
Фармация
Фармация (орто кесиптик жана жог. мед. бил. баз.)
Медициналык айым иши

## ЮРИДИКА ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Юриспруденция
Укук коргоо иши
Сот экспертизасы
Бажы иши

**Магистратура**

Юриспруденция

## ТЕОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Теология

## БИЗНЕС ЖАНА МЕНЕДЖМЕНТ ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Экономика:
- Финансы жана кредит;
- Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит;
- Экономика жана ишканалардагы башкаруу;
- Салык жана салык салуу;
- Санариптик экономика жана математикалык методдор;
- Аудит жана финансылык көзөмөл;
- Бизнестеги финансылык аналитик;
- IT-Бухгалтерия;
- Финансылык коопсуздук жана финансылык көзөмөл.

Менеджмент
Бизнес информатика
Бизнести башкаруу
Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу
Маркетинг

**Магистратура**

Экономика
Менеджмент
Маркетинг

## ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Эл аралык мамилелер:
- Эл аралык укук;
- Эл аралык интеграция жана эл аралык уюмдар.

Саясат таануу

**Магистратура**

Эл аралык мамилелер
Саясат таануу

## КЫРГЫЗ-КЫТАЙ ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Кытай таануу
Лингвистика: Котормо жана котормо таануу.
Программалык инженерия:
- Информатика жана технология;
- Электрондук маалымат инженериясы.

Филология: Филологиялык дисциплиналарды окутуунун методикасы (Англис тили).
Филология: Филологиялык дисциплиналарды окутуунун методикасы (Кытай тили).

**Магистратура**

Кытай таануу
Лингвистика: Котормо жана котормо таануу.

## ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНА ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Дарылоо иши (чет элдик жарандар үчүн)
ОшМУ менен УГМУ (Россия) кош диплом программалары
Дарылоо иши
Педиатрия
Стоматология

**Магистратура**

Коомдук саламаттыкты сактоо

## ДЕНЕ ТАРБИЯ ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Дене тарбия жана спорт

**Магистратура**

Дене тарбия жана спорт

## МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖ

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

Акушердик иш
Медициналык айым иши
Дарылоо иши
Ортопедиялык стоматология
Профилактикалык стоматология
Фармация
Лабораториялык диагностика

## ӨЗГӨН ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖИ

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

Акушердик иш
Медициналык айым иши
Дарылоо иши
Ортопедиялык стоматология
Профилактикалык стоматология
Фармация
Физикалык терапия

## ФИНАНСЫ – ЮРИДИКАЛЫК КОЛЛЕДЖ

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

Укук таануу
Укук коргоо ишмердүүлүгү
Экономика жана бухгалтердик эсеп
Финансы (тармактар боюнча)
Салык жана салык салуу
Банк иши
Теология

## ИНДУСТРИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖ

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

Башталгыч класстарда окутуу
Мектепке чейинки билим берүү
Дене тарбия
Эсептөө техникасын жана автоматташтырылган системаларды программалык жабдуу (ПОВТАС)
Дизайн
Тигүү буюмдарын моделдөө, конструкциялоо жана технологиясы
Социалдык иш
Башкарууну документациялык камсыздоо жана архив жүргүзүү

## Биздин дарек:

Кыргыз Республикасы, Ош шаары 723500,
Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы корпусу,
Кабыл алуу комиссиясы 137-каб.,
Телефон: 0(3222)7 08 18,
WhatsApp: +996770 111 110
Факс: 0(3222)7 09 15
Сайт: www.oshsu.kg, E-mail: priem@oshsu.kg
КРнын ББжИ министр. лиценз.: №D2018-0001 13.11.2018, №C2019-0021 26.07.2019

## STEM ИННОВАЦИЯЛЫК КОЛЛЕДЖИ

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

Электр менен камсыздоо
Автомобиль унааларын техникалык тейлөө жана оңдоо
Транспорттук электр жабдууларын жана автоматикасын эксплуатациялоо
Медициналык техникаларды оңдоо, техникалык жактан тейлөө жана монтаждоо
Техникалык эсептөөчү каражаттарды жана компьютердик тармактарды техникалык тейлөө
Колдонмо информатика (тармактар боюнча)
Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (тармактар боюнча)
Ветеринария
Туризм
Колдонмо геодезия

## ЭЛ АРАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫ КОЛЛЕДЖИ

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

Чет тили (англис, немец тилдери)
Котормо иши (англис тили)
Котормо иши (кытай тили)
Котормо иши (корей, араб, түрк тилдери)
Медиалингвистика

## IT АКАДЕМИЯ

WEB–технология
Локалдык тармактар администратору
Программалоо курстары
Робототехника

## КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУ БОРБОРУ

**Окуу курстары:**

Компьютердик курстар (Web-программалоо, графика, дизайн);
Тил курстары (англис, кытай, орус, араб, түрк, корей, немец, япон тилдери);
Бухгалтердик курстар (финансылык эсеп, 1С бухгалтерия, бухгалтердик эсеп, мамлекеттик сатып алуулар (тендер), бизнести пландоо);
Психология жана педагогика:
Педагогикалык квалификацияларды жогорулатуу;
Музыкалык сабаттуулук курстары (комуз, гитара, аккордеон, фортепиано);
Кулинария (ашпозчу, бармен, официант);
Бычып тигүү (декоративдик колдонмо искусство, элиталык пардаларды тигүү);
Биринчи медициналык жардам көрсөтүү, укалоо (үй медайымы);
Чет элдик жарандар үчүн тил курстары (орус, кыргыз тилдери).

**Жалпы республикалык тестке даярдоо курстары (ОРТ):**

Жалпы республикалык тестке даярдоо (математика,кыргыз тили,орус тили, биология, химия, физика, тарых)

## Окууга кирүү үчүн керектелүүчү документтер:

– Абитуриенттин арызы;
– АТТЕСТАТ же ДИПЛОМ (түп нускасы);
– ЖРТнин сертификаты;
– 3 х 4 өлчөмүндөгү 6 даана сүрөт;
– Паспорт же туулгандыгы жөнүндө күбөлүк, көчүрмөсү;
– Аскердик билеттин же каттоо күбөлүгүнүн көчүрмөсү.

WWW.OSHSU.KG
+996 (3222) 7-22-73
+996 (3222) 7-09-15
edu@oshsu.kg
OSH STATE UNIVERSITY
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
@OSHSU.KG
@OSHSU.KG

КРнын ББжИ министр. лиценз.:
№D2018-0001 13.11.2018, №C2019-0021 26.07.2019

# КЕЛЕЧЕГИБИЗДИ ӨЗҮБҮЗ АНЫКТАЙБЫЗ



## Кымбаттуу абитуриент!

Бүгүн силер билим, тарбия берип турмуштун узак жолуна аттантып жаткан мектебиңерге ыраазычылык айтып, колуңарга орто мектептин бүтүрүү аттестатын алуу алдында турасыңар.

Жашооңордун жаңы барагы ачылып, өлкөмдүн намысына жарасам, ата-энемдин арзуу тилегин, мүдөөсүн аткарсам, эң негизгиси жүргөгүмдөгү бөпөлөп келген таттуу кыялдарымды ишке ашырсам деп турган чагыңар.

Азыр ар бириңер университеттердин аброюн, билим берүү деңгээлин, илимий потенциалын, сапаттык салмагын, эл аралык беделин, студенттик күндөрдү мазмундуу жана маңыздуу өткөрүү үчүн түзүлгөн шарттарын карап, терең ойлонуп жаткан кезиңер.

Эгерде жүрөгүңөрдүн түпкүрүндө келечек муундарга татыктуу тарбия жана билим берген педагог болууну каалап турсаңар, өмүр сакчысы болууну эңсеп жатсаңар, элдин укугун коргогон юрист болгуңар келсе, ыйман жолуна үндөгөн теолог болууга ниет кылып жатсаңар, экономиканы көтөргөн финансист, экономист, же бизнесмен болгуңар келсе, заманбап IT адис, компьютердин тилин билген кесипкөй инсан болууну самасаңар, өлкө желегин желбиреткен спортсмен болууга, кыргыз элинин улуттук маданиятын дүйнөгө тааныткан искусство адамы болууну эңсеп жүрсөңөр, мамлекеттер арасында достукка көпүрө болууну каалап англис, француз, немис, араб, кытай, корей, япон тилдерин өздөштүрүп дипломат, тилчи мугалим, котормочу болууну кааласаңар, өлкөбүздүн энергетикалык булагын өнүктүргөн адис болууну кыялданып жатсаңар, акылмандуулукка умтулган философ, башкаруучу болгуңар келсе же жөн эле ак ниет менен элибизде кызмат кылган жакшы адам, татыктуу адис болууну кааласаңар, анда билим берүүнүн алтын уясы болгон Ош мамлекеттик университетин тандагыла.

Бүгүнкү күндө санариптик доорго өтүү, жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн келиши Ош мамлекеттик университетинин коом үчүн адистерди даярдоо жоопкерчилигин жогорулатат. Окуу жайыбыз көп тармактуу билим берүү мекемеси катары жаңы форматтагы адистин компетенциясын калыптандырууга, ийгиликтүү карьера курууда жаңы горизонтторду ачууга мүмкүндүк берет.

ОшМУ кызматташтык келишимдердин алкагында эл аралык мамилелердин спектрин бир кыйла кеңейтүүгө, өнөктөш жогорку окуу жайлары менен биргелешкен кош дипломдуу билим берүү программаларын ийгиликтүү ишке ашырууга жетишти. 2023-жылы ОшМУ Евразиядагы эң мыкты үч университеттин катарына кирип, 4.0 муундагы изилдөө университетине умтулуу жолуна түштү.

Окуу жайыбыздын учурдагы артыкчылыктуу багыты - коомдун муктаждыктарына байланыштуу билим берүү, окутуу, илимий-изилдөө жана ишкердикке инвестиция салуу, ошондой эле илимий долбоорлорду коммерциялаштырууну натыйжалуу ишке ашыруу болуп саналат.

85 жылдык тарыхы бар ОшМУ сапаттуу жогорку билим берүүнү, илимий-изилдөөлөрдү, коомдун маданий жана социалдык өнүгүүсүн камсыз кылууда кесиптик ишмердүүлүккө жөндөмдүү, компетенттүү адистерди калыптандырууну, аймактын илимий жана интеллектуалдык потенциалын жогорулатууну, ошондой эле эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүнү уланта берет.

Урматтуу абитуриент! Биздин окуу жай күн санап өнүгүү жолунда баратат. Кел, оку, өлкөнүн өнүгүүсүнө салымыңды кош! Бардыгы сенин колуңда экенин унутпа!

**ОшМУнун ректору, профессор**
**Кудайберди Кожобеков**




## САНАРИП УНИВЕРСИТЕТ

Санарип университеттин моделине ийкемдүү жана үзгүлтүксүз билим берүү процесстерин киргизүү, аларды оптималдаштыруу, корпоративдик маданиятты өзгөртүү камтылат.

Окуу жайыбыз маалыматтык жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу жана билим берүү процессин жакшыртуу үчүн санариптик технологияларды активдүү колдонууда.

### Санариптик билим берүү технологиясы

ОшМУ студенттерге жана окутуучуларга аралыктан окутуу чөйрөсү ийкемдүү болушу үчүн, онлайн курстарды уюштурууда платформаларды сунуштайт:

- eduGAIN - илимий ресурстарга кошулуу, глобалдык инфраструктура идентификация жана аутентификация технологияларына негизделген жумуштарга;
- https://vc.krena.kg аркылуу эл аралык видеоконференцияларды пайдаланууга;
- G Suite for Education – булуттук кызматтар class room, google meet, google чексиз диск орун, google формалары ж.б. дистанттык окуу үчүн кызматтарга. Бул окуу процессин жеңилдетет.

### Маалыматтарга негизделген башкаруу системалары

ДАТА-борбору университеттин компьютердик тармагынын иштешин камсыз кылуу, маалыматтарды сактоо жана иштеп чыгуу, маалымат тутумдарынын жогорку өндүрүмдүүлүгүн сактоо үчүн кубаттуулугун кеңейтип, DELL тибиндеги 6 сервер кошумча орнотулду. Анын аянтчасы 120 терабайтка өстү жана борбордук башкаруудагы компьютерлер түзүмү кеңейтилди.

Окуу корпустардын шаар ичиндеги була-оптикалык кабелдер аркылуу локалдык тармактын аралыгы 40 км жана ылдамдык 1 гегабит/сек түзөт.

### Жеке билим берүү траекториялары

Университетте бардык кыймыл-аракеттер толук түрдө электрондук форматта ишке ашырылууда. Абитуриент окуу жайга тапшыргандан тартып, колуна диплом алганга чейинки процесс санариптештирилген.

* ЭЛЕКТРОНДУК ДОКУМЕНТ АЙЛАНТУУ
* ЭЛЕКТРОНДУК ЖУРНАЛ
* ЭЛЕКТРОНДУК ОКУУ ЖҮКТӨМҮ
* ЭЛЕКТРОНДУК ТЕСТ СИСТЕМАСЫ
* ЭЛЕКТРОНДУК ӨЗДҮК БАРАКЧА
* ЭЛЕКТРОНДУК КИТЕПКАНА
* ЭЛЕКТРОНДУК АРХИВ

ОШМУ АБИТУРИЕН, ОШМУ СТУДЕНТ, ОШМУ ОКУТУУЧУ МОБИЛДИК ТИРКЕМЕЛЕР

## АКАДЕМИЯЛЫК ЭРКИНДИК

Университетте окуу процессинин уюштурулушу жана жүргүзүлүшү академиялык эркиндиктин принциптерине жана окутуунун кредиттик технологияларына негизделген. Студент семестрге катталуу, каалаган дисциплиналарга жазылуу, окуу убактысын пландаштыруу аркылуу жекече окуу траекториясын аныктайт.

Академиялык чынчылдыктын, академиялык эркиндиктин талаптарын канааттандырган билим берүү чөйрөсү күчтүү атаандаштыкта өнүгүп өсөт жана сапаттын кепилдиги боло алат.

- Академиялык чынчылдык
- Академиялык эркиндик
- Билим алуудагы студенттин жоопкерчилиги
- Татыктуу билим

## ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ ДОЛБООРЛОРУ

Илимий-изилдөө долбоорлорун ишке ашыруу, жаңы билимдерди түзүү, илимди жана технологияны жайылтуу, ошондой эле студенттерге илимий изилдөө методдорун, ыкмаларын үйрөтүү аркылуу жүргүзүлөт. Алардын негизинде иштелип чыккан табылгалар медицинада, инженерияда, маалыматтык технологияларда жана башка практикалык тармактарда колдонууга, инвестиция тартууга, ошону менен бирге коомду жана экономиканы өнүктүрүүгө жардам берет.

2023-жылы ОшМУнун табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин базасында окуу-өндүрүштүк ветеринардык клиникасы ачылып, УЗИ, рентген жана операция бөлмөлөрү заманбап жабдыктар менен жабдылды. Бул клиникага Айыл чарба министрлигине караштуу айыл-чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмү тарабынан 100 миң доллар бөлүнүп, жаныбарлардын генофондун сактоо, кунардуулугун, малдардан алынган азыктарды жана сырьёлорду (сүт, эт, кан, урук) изилдөө максатында "Молекулярдык биотехнология илимий борбору" түзүлдү. Аталган клиника жана илимий борбор Ош шаарындагы жана аймактардагы жаныбарларды профилактикалык текшерүүдөн өткөрүү менен алардын ар кандай ооруларын дарылоо, эпизоотиялык абалды жакшыртуу, айыл-чарба жерлерин өздөштүрүү, тоют даярдоо, тоюттандыруу, айыл өкмөттөрдө дыйкан-фермерлердин квалификациясын жогорулатуу, айыл-чарба азыктарынын түшүмдүүлүгүнүн, сапатын жакшыртууга багытталган кеңеш берүү кызматтарын аткарат. Жакында "Мал чарбасы боюнча биотехнологиялык борбор - кичи асыл-тукум станциясы" курулат.

ОшМУнун алдындагы Тоо экосистемаларын сактоо жана жашыл инновациялар Консалтинг борбору өз ишин баштады. Өзгөн районунун Жалпак-Таш айыл


Улуттук тарбия


Заманбап билим


Алдыңкы тажрыйба

өкмөтүндөгү 300 га жер аянтын басып калган жер көчкүнүн ордунда “Курбу-Таш токой” илимий-өндүрүштүк долбоору ишке ашууда. 100 га жер аянты тосмого алынып, 50 га жакын жерге 30 миңден ашык түрдүү бак-дарактардын көчөттөрү өстүрүлүп жатат. Демилгенин бул этабы жергиликтүү экосистемаларды сактоодо жана жашыл инновацияларды киргизүүдө маанилүү кадам болуп саналат. Окуу жайдын туруктуулукка жана экологияны сактоого багытталган долбоорлору аймактагы жашыл экономиканы өнүктүрүүгө салым кошуу менен өз ишин улантат.

## ИЛИМИЙ ЖАНА ИЛИМИЙ-ПЕДАГОГИКАЛЫК КАДРЛАРДЫ ДАЯРДОО

Сапаттуу изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жөндөмдүү адистердин илимий жана педагогикалык билиминин жогорку деңгээлин камсыз кылуу, ошондой эле алган билимдерин жана көндүмдөрүн студенттерге натыйжалуу берүү, заманбап илимди өнүктүрүү үчүн базаны түзүү – окуу жайыбыздын илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоодогу эң негизги аракети болуп саналат.

Ош мамлекеттик университетинин аспирантура жана докторантура (PhD) бөлүмү илимий-изилдөө иштерин ийгиликтүү башкарып, аларды координациялап, көзөмөлдөп турат. 2022-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан университеттин аспирантурасынын 101 багыты боюнча 15 адистикке, PhD докторантурага 7 багыт боюнча лицензия берилген. Учурда 300гө жакын аспиранттар окушат. Илимий жетекчиликке 115 илимдин докторлору, профессорлор жана доценттер тартылган. Аспирантура жана докторантура (PhD) бөлүмү университеттин стратегиялык документтеринде көрсөтүлгөн “2019-2024-жылдарга ОшМУнун өнүктүрүү Концепциясы”, “2023-2026-жылдарга Ош мамлекеттик университетинин “Туруктуу өнүгүү модели” стратегиялык өнүктүрүү программасы” илимий иштердин сапатын жогорулатууга жана дүйнөлүк илимий мейкиндикке интеграциялоого багытталган милдеттерди активдүү ишке ашырууда. Дүйнөлүк чакырыктардын шартында коомду өнүктүрүү үчүн руханий жана адеп-ахлактык сапаттары жогору илимий кадрларды даярдоодо университеттин аспирантурасы жана докторантурасы маанилүү роль ойнойт.

## АКАДЕМИЯЛЫК ШЫКТАНДЫРУУ

Үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү окуу процессинде колдонулган санариптик платформалардан жыйналган релеванттык маалыматтардын, студенттердин окутуучунун ишмердигине берген баасынын негизинде жүргүзүлгөн профессордук-окутуучулук курамдын жылдык рейтингинде окутуучунун ээлеген позициясы – илимий-педагогикалык, карьералык өсүүсү үчүн мүмкүнчүлүк берет.

- Е-портфолио
- Ички рейтинг
- Улуттук, эл аралык рейтингдер

Кандидаттык диссертацияларын коргоого жетишкендер үчүн 50 миң сом, докторлук диссертациясын коргогондорго 100 миң сом колдоо көрсөтүлөт.

Эл аралык деңгээлде таанылган Scopus илимий журналына макалаларын жарыялап, өзүнүн Хирш Индексин (h-индекс) жана окуткан багыттын (адистиктин) рейтингин жогорулаткан окутуучуларга стимул катары акчалай сыйлык берилет.

## БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ИНТЕРНАЦИОНАЛДАШТЫРУУ

Билим берүү системасына эл аралык компоненттерди интеграциялоодо ОшМУда чет өлкөлүк өнөктөштөр менен биргелешкен программаларды, изилдөөлөрдү жана долбоорлорду ишке ашыруу боюнча башка өлкөлөрдүн жогорку окуу жайлары менен жигердүү кызматташуу жүргүзүлүп жатат. Интернационалдаштыруу иш-аракеттери студенттерди глобалдык дүйнөгө даярдоого, маданияттар аралык түшүнүктү өнүктүрүүгө жана билим берүү тажрыйбасын байытууга багытталган.

Жыл сайын 500гө жакын студент/магистрант, 300гө жакын окутуучулар академиялык мобилдүүлүк боюнча дүйнөнүн 33 өлкөсүндөгү (АКШ, Германия, Испания, Италия, Индия, Япония, Кытай, Корея, Чехия, Туркия, Россия, Казакстан, Өзбекстан ж.б.) 282 университетте эки тараптуу кызматташтык келишимдердин алкагында билим алып, тажрыйба алмашып келишет.

## ЭЛ АРАЛЫК ТААНУУ

Эл аралык таануу университеттин жогорку деңгээлдеги мекеме катары кадырбаркын жаратуу менен мыкты студенттерди, окутуучуларды тартууга жана башка университеттер, уюмдар менен өнөктөштүктү түзүүгө жардам берет.

«IAAR EURASIAN UNIVERSITY RANKINGS-2023» эл аралык рейтингинин жыйынтыгы боюнча Ош мамлекеттик университети Евразия мейкиндигиндеги эң мыкты ТОП-3 университеттин катарында.

Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун суроо-талап рейтингинде ОшМУ 6 жыл катары менен 1-орунда турат.

Көз карандысыз аккредитациялык агенттиктерден өткөн жогорку жана орто кесиптик билим берүү программалары

* НААР –24
* EdNet -112
* ААОПО – 45

## БИРГЕЛЕШКЕН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

Эл аралык биргелешкен билим берүү программалары университеттин студенттерине жана окутуучуларына билим, тажрыйба, идея алмашууга, илимдин өнүгүшүнө салым кошууга уникалдуу мүмкүнчүлүктү берет. Азыркы учурда кош диплом боюнча 20дан ашуун эл аралык биргелешкен билим берүү программалары ийгиликтүү ишке ашууда. Студенттер ОшМУда эки жыл, чет өлкөдөгү башка өнөктөш университетте эки жыл билим алып, окууну аяктагандан кийин эки университеттин дипломуна ээ болушат.

## УНИВЕРСИТЕТ 4.0

“Ош мамлекеттик университетинин 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүү модели” стратегиялык программасынын негизинде ОшМУ 4-муундагы университетке айланууга багыт алды. Окуу жайда заманбап коомдун жана эмгек рыногунун талаптарына ылайыкташууга, студенттерди келечектеги көндүмдөргө үйрөтүүгө жана аларды санариптик доордо ийгиликтүү карьерага даярдоого умтулат.

Төртүнчү муундагы университет рыноктун кыймылдаткычы, экономикалык өсүүнүн кепилдигинин негизи болуп саналгандыктан, ОшМУ бизнес чөйрөсү менен кызматташып, мамлекеттик жана жеке менчик буйрутмаларды алып, киреше тапкан мекемелерге айланып, өлкөнүн экономикасына өз салымын кошот.

## ЖОЖ-ИЛИМ-ӨНДҮРҮШ КОММЕРЦИАЛАШТЫРУУ

ЖОЖ-ИЛИМ-ӨНДҮРҮШ-КОММЕРЦИАЛАШТЫРУУ тутуму окуу жайга технологияны жана билимди академиялык чөйрөдөн өндүрүшкө өткөрүп берип, аны киреше алууга коммерциялаштыруу үчүн инновациялык чөйрөнү түзүүгө көмөктөшөт. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү, Ош шаарынын мэриясы менен эки тараптуу кызматташуу келишимине кол коюлуп, реалдуу долбоорлор ишке аша баштады. Азия өнүктүрүү банкынан 1 млн. доллар гранттын эсебинен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин “Инклюзивдүү өнүгүү үчүн көндүмдөр: секторду өнүктүрүү” программасынын негизинде ОшМУда “Алдыңкы тажрыйба борбору” ачылып, долбоордун алкагында “Окуу-өндүрүштүк комплекси” ишке кирди. Аталган комплекстен даярдалган продукция ОшМУнун фирмалык дүкөнүндө сатылып жатат.

## МЕДИЦИНАЛЫК КЛИНИКА

Университеттин медициналык клиникасы өндүрүштүк университетке айланууда чоң импульс болду. Учурда клиника Ош шаарынын калкы үчүн күнү-түнү кызмат көрсөтүүдө. 2023-2024-жылдары операциялык, жандандыруу жана хирургия бөлүмдөрү ачылып, алгачкы жолу бейтаптарга операция жасала баштады. Тез жардам унаасы сатып алынып, аймактардагы тургундардын ооруларын аныктоо жана дарылоо, ооруларды алдын алуу, саламаттыкка кам көрүү боюнча кеңеш берүү үчүн “Ден соолук кербени” уюштурулуп турат. Ошондой эле жыл сайын студенттер акысыз дарылануудан өтүшөт. Аталган моделдин үлгүсү жакынкы күндөрү эл аралык талаптарга жооп берген, жаңыдан курулуп жаткан университеттин клиникасында колдонулат.

ОшМУнун стоматологиялык клиникасы тиш боюнча кызматтардын кеңири спектрин камтыйт (профилактикалык процедураларды жүргүзүү, брекет орнотуу жана оңдоо, хирургиялык кийлигишүүлөр). Бул өзгөчөлүктөр стоматологиялык клиникага сапаттын жогорку стандарттарын сактоого жана бейтаптарга кам көрүүгө жардам берет.

## ОШМУНУН КУРУЛУП ЖАТКАН МЕДИЦИНАЛЫК КЛИНИКАСЫ

Президент Садыр Жапаровдун “Ош шаардык клиникалык ооруканасын ОшМУга өткөрүү жөнүндө” Жарлыгынын негизинде Ош шаарындагы оорукананын эски имаратынын ордуна жаңы 7 кабаттуу медициналык клиника курулуп жатат. Жаңы имараттын жалпы аянты 20 000 чарчы метрди түзөт. Курулуш долбоору медициналык бөлүмдөрдү кеңейтүүгө жана модернизациялоого гана эмес, коопсуздукту жогорулатууга, инновацияларды интеграциялоого багытталган. Клиника абсолюттук инклюзивдүүлүгү, энергоэффективдүүлүгү, натыйжалуулугу, көркөм дизайны, заманбап тейлөөсү менен айырмаланган, бейтаптардын муктаждыктарына багытталган Ош шаарынын сыймыгы жана үлгүлүү медициналык мекемеси болуусу пландаштырылууда. Анын структурасында боор, бөйрөк, сөөк-мээ трансплантациясы, микрохирургия, реанимация, операциялык бөлүм, гепатология, офтальмология, пластикалык хирургия, нефрология, гематология жана диагностика бөлүмдөрү болот жана боор, бөйрөк оорусунан жабыркаган бейтаптарга заманбап медицина кызматын көрсөтүүгө ылайыкташтырууда.

Бул клиниканын ачылышы студенттерге теориялык билимдерин чыныгы клиникалык кырдаалдарда колдонууга, келечектеги квалификациялуу дарыгер үчүн зарыл көндүмдөргө ээ болууга уникалдуу мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

# Университет – өнөрлүүгө өрнөк, таланттууга тирек



## БИЗНЕС ИДЕЯЛАРДЫ БИРГЕ ЖАРАТАБЫЗ

Өлкө башчысы Садыр Жапаровдун тапшырмасына ылайык Министрлер Кабинетинин Төрагасы ОшМУда Жаштар бизнес-паркын ачты. 2022-жылдын июнь айынан бери 40 стартап-долбоор инвесторлор тарабынан жактырылып, жалпы тартылган инвестициянын суммасы 15 миллион сомду түздү.









## СТУДЕНТТЕРДИ КОЛДОО

- Атуулдук стипендия айына 10 студентке 10 миң сомдон;
- КР Президентинин стипендиясы 6 студентке 50 миң сомдон;
- Окумуштуулар кеңешинин стипендиясы 22 студентке 5 миң сомдон берилет.

## ӨЗҮН-ӨЗҮ ӨНҮКТҮРҮҮ БОРБОРЛОРУ

- Жаштар кеңеши
- Акыйкатчы аппараты
- “Enactus” командасы
- “Нур” гезити
- “Үмүт” телестудиясы
- “Салтанат” фольклордук ансамбли
- “Р.Абдыкадыров атындагы маданий-эстетикалык борбор”
- “Мырзалар” эстрадалык ырчылар тобу
- “Арууке” бийчилер тобу
- Дискуссия жана дебат клубдары

Студенттик өзүн-өзү өнүктүрүү борборлору студенттердин тажрыйбасын байытат, жеке жана кесиптик максаттарына жетүүгө жардам берет.

## Кесипкөй спорт клубдар:

“ОшМУ – Университет” балдар волейбол клубу
“ОшМУ – Алдиер” футбол клубу
“ОшМУ –Университет” кыздар волейбол клубу
“ОшМУ – Университет” баскетбол клубу
“ОшМУ – Университет” кичи футбол клубу
“ОшМУ – Университет” стол теннис клубу
Спорттун 16 түрү боюнча секциялар иштейт.



“Университет-ОшМУ” волейбол балдар, кыздар профессионал клубдары КР волейбол боюнча жогорку лигасынын чемпиону.

Университеттин спортчулары университеттин спорттук жашоосунда маанилүү орунду ээлеп, лидерликтин, максаттын жана командада иштөө мамилелердин калыптанышына салым кошот.

ОшМУда 30дан ашуун спорт чеберчилигине талапкерлер, 15тен ашуун спорттун чеберлери жана эл аралык деңгээлдеги калыстар эмгектенет.

Студенттерди колдоо максатында олимпиаданын, эл аралык фестивалдардын, спорттук мелдештердин жеңүүчүлөрүнө атайын белгиленген акчалай сыйлыктар каралган. Ошондой эле социалдык колдоого муктаж студенттерге 5 миллион сомдон ашуун колдоо көрсөтүлүп келет.

# БҮТҮРҮҮЧҮЛӨР – СЫЙМЫГЫБЫЗ!

**Ар бир адам үчүн окуган жери ыйык болот эмеспи. Бүтүп кеткен студенттер ОшМУ менен сыймыктанса, ОшМУ ар тараптан ийгилик жаратып келе жаткан бүтүрүүчүлөрү менен сыймыктанат. Сыймыктуу бүтүрүүчүлөрүбүздү кепке тарттык.**



Назарбаев университетинин жогорку билим берүү мектебинин профессору Дүйшөн Шаматов:



## "ОШМУ БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ БЕЛГИЛҮҮ ОКУУ ЖАЙ"

1986-жылы 10-классты аяктап, андан ары билимимди жогорулатуу үчүн ошол учурдагы Ош педагогикалык институтунун чет тилдер факультетине тапшырдым. Алгачкы студенттик күндөрдүн ызгаары менен жыргалын тең көрүп, 1-курсту аяктадым. Андан соң, 1987-жылы ата мекенибиз жүктөгөн милдетти өтөп келүү үчүн армияга чакырылып, эки жыл мекен чегинде болдум. Жигиттик милдетти аткаргандан кийин кайрадан окуумду уланттым. Аталган университетти Советтер Союзу урагандан кийин, 1993-жылы аяктап, ошол эле факультетте декан жана окутуучулардын сунушу менен окутуучу болуп эмгек жолумду баштадым. Чет тилдер факультетинде 3 жыл эмгектенип, тажрыйба топтодум. 1996-жылы Пакистандын Карачи шаарындагы окуу жайлардын бирине магистратурага тапшырдым. Анда эки жыл окуп, кайра Ош мамлекеттик университетине келдим. Кийин Канаданын Торонто университетинде докторантурада билим алдым. Учкан уям болгон ОшМУда 5 жыл билимге канығып, дасыккан адис болууга бел байлап, өмүрүмдүн алдыга чабыттоо доорун өткөрсөм, андан ары дагы 5 жыл эмгектендим. Бул окуу жай менен 10 жылдык өмүрүмдүн тамыры, терең тагдыры байланышкан.

ОшМУнун чет тилдер факультетинде окуп, англис тилин үйрөнгөндүгүм - менин чет өлкөдө магистратура, докторантурада окушума жол ачты. "Тил билсең, дил билесиң" дегендей, дүйнөнүн ар кайсы мамлекеттеринде эмгектенип, эл аралык деңгээлде тажрыйба топтоого жетише алдым жана учурда да ушул багытта эмгектенип келүүдөмүн. Ошол дүйнөнүн эшигин ачкан ОшМУ бүгүнкү күндө өз кесибинин мыкты устаттары менен катарын толуктап, эмгеги сиңимдүү, билими жугумдуу адистердин чөйрөсү аркылуу кубаттанып, күчтүү базасы бар Борбордук Азиядагы мыкты окуу жайлардын бири деп айтсам жаңылышпайм.

Б.Бейшеналиева атындагы КММИУнун ректору, ф.и.к., доцент Түмөнбай Колдошов:



## "ОшМУнун студенти катары өзүмдү карыздар деп эсептейм"

Ош мамлекеттик университетинин студенти болуу бул чоң сыймык болчу. Ал эми ОшМУнун кызматкери болууну бактылуулуктун бир чен өлчөмү катары кабыл алгам десем болот. Анткени бул окуу жайга студент болуу баарына насип эте бербейт жана ал жерде окутуучу, кызматкер болуп калуу да өзгөчө сыймык. Тоонун бийиктиги алыстаган сайын биленет дегендей, бүгүн Ош мамлекеттик университетинде окуп, таалим-тарбия алып, чыгармачылыкка жол салып, учурда башка бир окуу жайда эмгектенип жаткан адам катары ОшМУнун адам тарбиялоодогу, кадр өстүрүүдөгү ролу аябай чоң экендигин жон терим менен сездим. Анткени бүгүн ошол университетте көргөндөрүбүздү пайдаланып жатабыз. Ошол үчүн мен ОшМУнун студенти катары өзүмдү карыздар деп эсептейм. Андан сырткары, биз Каныбек Исаковдой өзүнчө бир билим берүүнүн адамын тарбиялаган, шакирт өстүрө алган чоң устаттын колунан тарбия алдык. Мен ойлойм, Каныбек Исаков дагы өз доорунун феномени болгон экен деп. Бүгүн ушул агайдан үйрөнгөн сөз, агайдан алган тарбия, көрсөткөн жолу, бизге чоң-чоң жакшы иштерди жасаганы өбөлгө түздү. Ошондуктан, ОшМУда илимдин, билимдин, өнөрдүн улуу инсандары иштеп өткөн жана кийинки муун да өсүп келе жаткан жаш кадрларды тарбиялоочу өнөр кенчи дей турган чоң университетке айланып олтурат. Окуу жайдын ар бир факультети жөнүндө, структурасы жөнүндө, ар бир студенти жөнүндө сыймыктанып айткым келет.

Каныбек Исаков ректор болуп турган мезгилинде ушундай бир сөз айткан эле: "ОшМУда бүгүн 33миң жамаат бар, 33миң кыял, 33 миң максат, 33миң тагдыр"- деп, аны сыңарындай бүгүн ал цифра балким 50миңге айланып кеткендир. Бирок ошол 50миң тагдыр, максат кыялдар өзгөргөн жок. Адамдардын саны өссө дагы, ошол аруулук, ошол бийиктик, ошол максаттар бийик бойдон калды. ОшМУ ошондой кыялданган, жана ошого ишенип, ишке ашырган адамдарын күчү менен сакталууда жана өркүндөөдө. ОшМУнун бүтүрүүчүсү катары биз дайым бул окуу жайдын ар бир жетишкендигине көз салабыз, суктанабыз. Дайым башыбызды бийик көтөрүп, сыймыктанып айтып жүрөбүз. ОшМУда тарбияланып, бүгүн мына мамлекетке кызмат кылуудабыз!

Кыргыз билим берүү академиясынын табигый-илимий жана математикалык билим берүү лабораториясынын физика боюнча жетектөөчү илимий кызматкери, п.и.к., а.и.к. Мурзаибраимова Бибисара Бекмаматовна:




## "ОшМУдан бүткөн жаштар мамлекеттин өнүгүшүнө зор салым кошсун"

Мен ОшМУнун (ал кезде Ош мамлекеттик педагогикалык институту эле) Физика жана информатика факультетин 1992-жылы артыкчылык дипломy менен аяктагам. Эмгек жолумду да ОшМУнун “Электрондук жана теориялык физика” кафедрасында ага лаборант болуудан баштап, 1993-жылы ошол кафедрадан аспирантураны да бүтүргөм. Мага билим берген окутуучуларым: Балтабай Аллахунов, Шамши Исмаилов, Кеки Рамазанович, Маматай Папиев, Т. С. Сманов, Байыш Арапов агайлар бейиштик болушсун, али да көз алдымда. Миталип Тайиров, Топчубек Исаков, Маралбек Өскөнбаев ж.б. агайлар азыр да узүрлүү эмгектенишүүдө, өмүрлүү болушсун.

ОшМУдан алган билимим мени эч качан уят кылган жок жана эч нерседен кем кылбады. Илимдин кандидаты болдум, азыр докторлук диссертациямды аяктоо алдында турам. Жүздөгөн макалалардын, окуу-методикалык басылмалардын, эки окуу китептин автору, авторлошу болдум. Үй-бүлөм, балдарым бар, кудайга шүгүр.

ОшМУ (ОМПИ) мурда Кыргызстандын түштүгүндөгү бирден бир жогорку педагогикалык окуу жайы болгон. Бүгүнкү күндө да “менин университетимдин” Кыргызстандагы эң алдыңкы жогорку окуу жайлардын бири катары эсептелип, кадыр баркы, статусу улам жогорулап баратканы мени сыймыктандырат. Университетим дагы өссүн, өнүксүн, ОшМУдан окуган жаштар мамлекеттин өнүгүшүнө зор салым кошкон, билими күчтүү интеллигенция өкүлдөрү болуусун тилейм!

Бакытбек кызы Гулиза, психолог УВД по г. Ош



## «ОшГУ – это место, где я сформировалась как личность»

Ошский государственный университет для меня – это не просто место обучения, это место, где я сформировалась как личность и где до сих пор чувствую себя как дома. Каждый день обучение на педагогическом факультете в области психологии приносило мне новые знания, опыт и удовлетворение. Преподаватели университета – настоящие профессионалы своего дела. Они всегда были готовы помочь, объяснить материал, провести консультации и ответить на все вопросы. Их страсть к своей профессии была заразительной, и благодаря этому учёба становилась увлекательной и интересной. В университете создана комфортная образовательная среда с современными аудиториями, лабораториями и библиотекой. Мы принимали участие в разнообразных мероприятиях - от лекций до научных конференций. Студенческое сообщество также было важной частью университетской жизни. Там я нашла верных друзей, с которыми проводила время за интересными обсуждениями, поездками и творческими проектами. ОшГУ – это место, где моя страсть к науке и образованию нашла своё проявление. Я горжусь тем, что училась там, и благодарна университету за предоставленные возможности для самореализации и профессионального роста.

“Нур” ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезити

**Башкы редактору:**
САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ

**Редактордун орун басары:**
Айзирек Гадаева

**Редакциялык кеңеш:**
А. Айтманбетов
Т. Алдакулов
Ж. Болушова
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Майрам Шарип кызы
Аниель Куламжанова
Малика Токтосунова
Гүлзар Максытали кызы
Аксаамай Жумабаева
Курманжан Жаркынбай кызы

**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. «ММКны колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331,
ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Нускасы: 5000 Буюртма № 560

# ЖАҢЫЛАНГАН ИНФРАСТРУКТУРА - ЖАГЫМДУУ АТМОСФЕРА



“Ак-Буура” кампусу




ОшМУнун курулуп жаткан медициналык клиникасы



Эл аралык билим берүү программалары жогорку мектеби




Медицина факультетинин кошумча окуу корпусу



Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин ветеринардык клиникасы



Искусство факультети



Индустриалдык-педагогикалык колледжи



Кыргыз-Кытай факультети




"БИЛИМ" лицейи





Dimedus окуу-лабораториялык корпусу




Искусство факультетинин кошумча корпусу







Лекциялык залдар